2019-жылга мамлекеттик чыгашалардын саясаты жалпысынан социалдык багытка ээ.

***Социалдык коргоого, билим берүүгө жана саламаттык сактоого чыгашалар***




Социалдык маанилүү иш-чараларды каржылоого чыгашалар төмөнкүдөй түзүлдү:

**Аймактарды өнүктүрүү, санариптештирптештирүү, инфратүзүм**

- аймактарды өнүктүрүү – 2 000,0 млн. сом;
- «Санариптик экономика» - 500,0 млн. сом;
- «Коопсуз шаар» - 140,1 млн. сом;
- стимулдаштыруучу гранттар - 600,0 млн.сом;
- айыл чарба өндүрүшүн субсидиялоо – 984,9 млн. сом;
- айыл өкмөтүн стимулдаштыруу – 100,0 млн. сом;
- чек арага чектеш аймактарды өнүктүрүү – 100,0 млн. сом;

[1] *Жогорку Кеңеш тарабынан 2018-жылдын 29-ноябрында кабыл алынган, 2018-жылдын 26-декабрында Президент кол койгон*


## КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

**Социалдык саясат**

- эмгек акыларды жогорулатуу (ММКФнын баштапкы медициналык – санитардык жардам көрсөтүү уюмдарынын үй-бүлөлүк медицина адистерине, үч театрдын жана үч музейдин кызматкерлерине, Улуттук илимдери академиясынын кызматкерлерине, Омбудсмендин, БШКнын аппараттарынын кызматкерлерине, маморгандардын жана ЖӨБ кенже тейлөөчү персоналына, илимий даража үчүн кошумчалар) – 1 279,3 млн. сом;
- «Мамлекеттик ипотекалык компания» ААКны колдоо - 500,0 млн. сом;
- мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн Улуттук программасын ишке ашыруу- 200,0 млн. сом;
- табигый кырсыктарды жоюу боюнча иш-чаралардын алкагында турак жай сертификаттары – 350,0 млн. сом;

Республикалык бюджеттен капиталдык салымдарга 3 млрд. 100 млн. сом бөлүнгөн, ал биринчи кезекте табигый кырсыктардан жапа чеккен курулуштарды аяктоого, билим берүү объектилерин реконструкциялоого, авариялык объекттерге жана курулушу бүтө жаздаган объекттерге багытталган:

Капиталдык салымдар **2 800 000 000 сом**




Тышкы жана ички булактардын эсебинен Мамлекеттик инвестициялардын программасы боюнча 32 329,2 млн. сом каралган. .

2019-жылга мамлекеттик инвестициялардын программасынын негизги артыкчылыктары:

**Айыл чарбасын өнүктүрүү - 1 354,7 млн. сом**

- айылдарды туруктуу өнүктүрүү
- мал чарбачылыгын жана рынокту өнүктүрүү
- рынокко жетүүнү камсыз кылуу
- айыл чарбасынын өндүрүмдүүлүгүн жана тамак-ашты жакшыртуу
- айыл чарба техникаларын берүүнү каржылоо
- жайыттарды жана мал чарбачылыгын башкарууну жакшыртуу
- сүт секторунун өндүрүмдүүлүгүн өнүктүрүү
- "Сарымсак" ирригациялык тармагын өнүктүрүү

## КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

**Транспорттук инфратүзүмдү өнүктүрүү -12 020,1 млн. сом**

Төмөнкү автожолдорун куруу, реаблитациялоо, реконструкциялоо:
- Түндүк-Түштүк
- Тараз-Талас-Суусамыр
- Бишкек - Кара-Балта
- Бишкек-Ош,
- Ош-Баткен-Исфана
- Бишкек-Нарын-Торугарт
- Ош-Худжант

**Энергетикалык инфратүзүмдү өнүктүрүү - 9 320,4 млн. сом**

Төмөндөгүлөрдү реаблитациялоо, реконструкцялоо, модернизациялоо:
-Токтогул ГЭСи
- Ат-Башы ГЭСи
- "Чыгышэлектро"
- "Ошэлектро"
- Бишкек ш. ЖЭБ

**Саламаттык сактоону өнүктүрүү - 962,0 млн. сом**

- шашылыш медицина тутумун түзүү
- энени жана баланы коргоо
- кургак учукка каршы күрөшүү
- саламаттык сактоону жана социалдык коргоону колдоо
- Бишкек шаарындагы тез медициналык жардамдын шаардык балдардын клиникалык ооруканасы жана Улуттук госпиталдын нейрохирургиялык борбору үчүн жаңы корпусту куруу жана жабдуу

**Билим берүүнү өнүктүрүү - 399,3 млн. сом**

- билим берүү системасын бекемдөө
- кесипкөй билим берүү жана көндүмдөрдү өнүктүрүү
- инклюзивдик өсүш үчүн көндүмдөр

**Суу менен камсыз кылууну өнүктүрүү - 5 363,3 млн. сом**

Бишкек, Ош, Кара-Суу, Кызыл-Кыя, Жалал-Абад, Майлу-Суу, Токтогул, Өзгөн, Баткен, Токмок, Кант, Кара-Балта, Чолпон-Ата, Балыкчы, Нарын, Талас шаарларында суу менен камсыз кылуу жана канализация системасын реабилитациялоо

**Санариптештирүү - 727,7 млн. сом**

Digital CASA долбоорун ишке ашыруу

## КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ


Бүгүнкү күндө санариптик коммуникациялык технология азыркы дүйнөнүн ажырагыс бөлүгүнө айланды. Ошондон улам өз ара аракеттенүү, иштеринин таасирдүүлүгүн жогорулатуу, анын ичинде бир катар кеңири кызмат көрсөтүүлөрдү жана аларды алуунун натыйжалуулугун көтөрүү үчүн адамдын, мамлекеттин жана коомдун мүмкүнчүлүгү кеңейди.

Кыргыз Республикасында калктуу конуштарды Интернет менен жабдуу 34,5% гана түзөт. Интернет-инфратүзүмдөрүнүн өнүкпөй жатышы дүйнөлүк санариптик экономикага өлкөнү интеграциялоого жана туруктуу өнүктүрүүгө олуттуу бөгөт болуп саналат.

Ушуга байланыштуу Жогорку Кеңеш тарабынан **“2018-жылдын 2-июлунда Бишкек шаарында кол коюлган Кыргыз Республикасы менен Эл аралык өнүктүрүү ассоциациясынын ортосундагы Каржылоо жөнүндө макулдашууну (“Digital CASA - Кыргыз Республикасы”долбоору) ратификациялоо тууралуу” Мыйзам**[1] кабыл алынган.

Долбоорду жүзөгө ашыруу маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын улуттук жана аймактык инфратүзүмдөрүн өнүктүрүүнү, мамлекеттик сектордо санариптик реформаны алга жылдырууну, бизнес жана экспорттук потенциалды өнүктүрүү үчүн жаңы инвестициялык мүмкүнчүлүктөрдү түзүүнү карайт.

Долбоордун жыйынтыгы боюнча Борбордук Азия чөлкөмүнүн жана Евразия экономикалык бирлигинин мыйзамдарына шайкеш келтирилген ченемдик укуктук база иштелип чыгат. Калктын 60 пайызынын жогорку ылдамдыктагы Интернетке жетүүсү аркылуу түйүнгө 134 мамлекеттик органдарды жана мекемелерди кошуу менен инфратүзүмдү, санариптик платформаларды, интеллектуалдык чечимдерди жана маалыматтарды кайра иштеп чыгуу борборлорун аймактарда түзүүнү карайт. Долбоорду ишке ашыруу алкагында 5000 мамлекеттик, муниципалдык кызматчылар жана башка адистер окуудан өтүшөт.




[1] *Жогорку Кеңеш тарабынан 2018-жылдын 27-декабрында кабыл алынган, Президент 2019-жылдын 22-январында кол койгон*

## КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

Кыргызстандын жаратылыш-климаттык шарты жер-жемиш мөмөлөрүн өстүрүү үчүн өтө ыңгайлуу. Соңку жылдары жогорку рентабелдүүлүгүнөн улам өлкөдө алча, өрүк, шабдаалы, алма, алмурут, жүзүм, кара өрүк жана башка өсүмдүктөр активдүү өстүрүлүүдө. Мындай адистешүү айрым аймактардын продукцияларын: Кадамжай алчасын, Баткен өрүгүн, Аксы кара өрүгүн, Ысык-Көлдүн алмасы менен карагатын таанымал брендге айландырды.

Бирок колдонуудагы мыйзамдар кайрак жана сугат жерлерин көп жылдык мөмө бактары үчүн пайдаланууга тыюу салган жана башкаларга салыштырмалуу кыйла жогору киреше берген мөмө-жемиш өсүмдүктөрүн өстүрүүгө бөгөт болуп келген.

Жер, Салык кодекстерине жана **"Сугат айдоо жерлерин жарактуу жерлердин башка категорияларына жана түрлөрүнө которууга (трансформациялоого) мораторий киргизүү жөнүндө" Мыйзамга**[1] Жогорку Кеңеш тарабынан киргизилген түзөтүүлөр айыл чарба өсүмдүктөрүн өстүрүү боюнча айыл чарба өндүрүшчүлөрүнө алардын артыкчылыктуу түрлөрүн өз алдынча аныктоого укуктук шарттарды түзүүгө багытталган.

Түзүлгөн кырдаалды өзгөртүү фермерлерге өндүрүштү жогорку рентабелдүү продукциянын пайдасына кайра бурууга, жер кыртыштын эрозиясына каршы натыйжалуу күрөш жүргүзүүгө жана түшүмдүүлүктү жогорулатууга мүмкүнчүлүк берет. Азыркы дүйнөдө айыл чарба продукциясын өндүрүү чөйрөсүндөгү көйгөйлөр продукциянын жетишсиздигинен эмес, аны өткөрө билүүнүн маанилүү болгондугунан улам, киргизилип жаткан түзөтүүлөр актуалдуу болуп саналат. Ошондуктан мөмө-жемиш багбанчылыгы айыл чарбасында экспортко багытталган артыкчылыктуу багыт болуу менен аймактардагы калктын кирешесин жогорулатууга жана турмуш деңгээлин көтөрүүгө мүмкүнчүлүк берет.

**1 212 375 Га**

Айдоого жарактуу жер аянты




**49 002 Га**

Көп жылдык жемиш дарактарынын аянты





[1] *Жогорку Кеңеш тарабынан 2019-жылдын 20-январында кабыл алынган. 2019-жылдын 7-мартында Президент кол койгон.*

## КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

Айыл чарбасында химиялык жер семирткичтерди, пестициддерди, ошондой эле гендик инженерия технологияларын колдонуу адамдын ден соолугуна жана айлана-чөйрөнүн абалына терс таасирин тийгизет. Жыл өткөн сайын органикалык продуктылардын пайдасы тууралуу түшүнүк өсүүдө, бул болсо аларга болгон суроо-талапты жогорулатууда. Дүйнөнүн 82 өлкөсүндө органикалык айыл чарбасын өнүктүрүү боюнча мыйзамдар кабыл алгандыгын эл аралык тажрыйба көрсөтүп турат, ага ылайык органикалык продукцияны өндүрүүчү айыл чарба өндүрүшчүлөрүнө химиялык жер семирткичтерди, пестициддерди, антибиотиктерди, синтездештирилген кошумчаларды, гармондук препараттарды жана генетикалык модификацияланган организмдерди (ГМО) пайдаланууга тыюу салынган. Бүгүнкү күндө органикалык продукциялардын дүйнөлүк керектөөсүнүн 78% Европанын жана Түндүк Американын өнүккөн өлкөлөрүнө туура келет. Органикалык өндүрүштөгү жер аянты дүйнөдө 43 млн. га ашты.

Ушуга байланыштуу биздин өлкөдө органикалык айыл чарба продукцияларын өндүрүүнүн көлөмүн жогорулатуу артыкчылыктуу милдеттердин бирине айланууда. Органикалык продукцияны өндүрүү үчүн жер аянтынын өлчөмү 2012-жылдагы 2696 га жерден 2017-жылы 7565 га жерге көбөйгөн.

Жогорку Кеңеш тарабынан **“Кыргыз Республикасында органикалык айыл чарба өндүрүшү жөнүндө”**[1] Мыйзамдын кабыл алынышы ак ниет өндүрүшчүлөрдү жана эл аралык рынокко органикалык продукцияны экспорттоону демилгелеп, керектөөчүлөрдүн укугун камсыз кылган укуктук механизмдерди, эл аралык стандарттарды эсепке алуу менен мындай продукцияларды өндүрүүгө, сертификациялоого жана маркировкалоого талаптарды киргизет. Мыйзамды ишке ашыруу калктын ден соолугун коргоого көмөктөшөт.




[1] *Жогорку Кеңеш тарабынан 2019-жылдын 10-апрелинде кабыл алынган, 2019-жылдын 18-майында Президент кол койгон.*


## КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

Кыргызстанда өздүк каражаттардын жетишсиздигинен улам көп учурда ишкерлер кредиттерди алууда көйгөйлөргө тушугууда. Банктар тарабынан күрөө менен камсыз кылуунун төмөн бааланышы кырдаалды ого бетер татаалдантып жатат.

Ушуга байланыштуу банк тарабынан жактырылган келечектүү бизнес-долбоорлору бар ишкерлерди колдоонун зарылчылыгы бышып жетилди. Жогорку Кеңеш тарабынан **"Кыргыз Республикасындагы кепилдик фонддор жөнүндө" жаңы Мыйзамдын**[1] кабыл алынышы ушул көйгөйдү чечүүгө багытталган. Ал кепилдиктерди берүү аркылуу ишкердиктин субъекттерин колдоонун механизми катары дүйнөлүк тажрыйбада өзүн көрсөтө алган кепилдик фонддорду түзүүнүн жана анын ишинин укуктук жана экономикалык негиздерин белгилейт.

Ишкерлер алынган ресурстарды бизнести өнүктүрүүгө, өндүрүштү кеңейтүүгө, негизги каражаттарды сатып алууга жана модернизациялоого, жаңы технологияларды киргизүүгө, инновациялык иштерге жана жаңы ишканаларды ачууга багыттай алат. Кепилдик фонддордун ишин жөнгө салуу жана ага көзөмөл жүргүзүү Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына жүктөлгөн.

2011-2018-ЖЫЛДАРЫ БЕРИЛГЕН КЕПИЛДИКТЕР ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТТАР




ЭКОНОМИКА ТАРМАГЫ БОЮНЧА КЕПИЛДИКТЕРДИН САНЫ





[1] *Жогорку Кеңеш тарабынан 2019-жылдын 7-мартында кабыл алынган, 2019-жылдын 12-апрелинде Президент кол койгон.*

## КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

Жарандык авиация чөйрөсү дүйнөлүк ИДПнын 3,5% түзөт, бул чөйрөдө 63 млн. адам эмгектенүүдө. "Ачык асман" саясаты авиа ташуунун көлөмүн көбөйтүүгө олуттуу дем берди. Ушул саясатка ылайык авиа ташуулар орточо эсеп менен 35% көбөйдү, ал эми авиабилеттердин баасы 20дан 40% төмөндөдү. Бул эл аралык туризмди өнүктүрүү үчүн 10 миңдеген жумушчу орундарын жана ыңгайлуу шарттарды түзмөкчү.

Бүгүнкү күндө Кыргызстандын 9 өлкө менен аба катнашы бар. Бул Борбордук Азия өлкөлөрүндөгү эң төмөнкү көрсөткүч. Атаандаштыкка жөндөмдүгүнүн төмөндүгү; авиабилеттерге баанын жогору экендиги; аэропорттордун инфратүзүмдөрүнүн пайдалануудан чыккандыгы; авиапаркатардын эскиргендиги ата мекендик авиация тармагынын көйгөйлөрү болуп саналат. Кыргызстанда авиабилеттердин орточо баасы Казакстан менен Өзбекстанга салыштырмалуу алганда 39% кымбат.

Жогорку Кеңеш тарабынан **Аба кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө Мыйзамдын**[1] кабыл алынышы ушул көйгөйлөрдү чечүүгө багытталган. Мыйзамга ылайык Кыргызстан бир тараптуу тартипте "Ачык асман" саясатына "Аба эркиндигинин бешинчи даражасы" режимин кабыл алгандыгы жөнүндө жарыя кылды. Кыргызстан аркылуу учуунун каттамдарын, ташуунун көлөмүн жана билеттердин баасын өз алдынча аныктоо укугу эл аралык авиакомпанияларга берилди.




[1] *Жогорку Кеңеш тарабынан 2018-жылдын 6-декабрында кабыл алынган, 2019-жылдын 11-январында Президент кол койгон.*

## КАБЫЛ АЛЫНГАН МЫЙЗАМДАР ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА МААЛЫМАТ


Инвестициялардын агымын стимулдаштыруу, туризмди өнүктүрүү, бир катар мамлекеттер менен эки тараптуу мамилелерди активдештирүү максатында 2012-жылы “Айрым мамлекеттердин жарандары үчүн 60 күнгө чейинки мөөнөткө визасыз режим киргизүү жөнүндө” Мыйзам кабыл алынган. Мыйзамга ылайык Кыргыз Республикасы 45 мамлекеттин жарандарына 60 күнгө чейин виза албай туруп, биздин өлкөдө болуу укугун берет.

Борбордук Азия чөлкөмүндө Кыргызстан биринчилерден болуп бир тараптуу тартипте 2020-жылга чейин визасыз режим жол-жоболорун киргизди. Андан кийин ошондой эле чаралар Казакстан жана Өзбекстан тарабынан киргизилди.

Мыйзамдын кабыл алынышы Европадан жана башка өнүккөн өлкөлөрдөн Кыргызстанга келишкен чет өлкөлүктөрдүн санынын өсүшүнө оң таасирин тийгизди. Алсак, 2010-жылы өлкөгө 1316,2 млн. чет өлкөлүк жаран келген, ал эми 2017-жылы алардын саны 4666,5 млн. адамды түзгөн.

Жүргүзүлүп жаткан мындай саясат туристтик инфратүзүмдөрдү өнүктүрүүгө, иш менен камсыз болууну жогорулатууга жана калктын жашоо-турмушун жакшыртууга багытталат.

Ушуга байланыштуу Жогорку Кеңеш тарабынан **“Айрым мамлекеттердин жарандары үчүн 60 күнгө чейинки мөөнөткө визасыз режим киргизүү жөнүндө” Мыйзамга**[1] өзгөртүүлөр киргизилген, алар жогоруда белгиленген өлкөлөрдүн тизмегин кеңейтип, ошондой эле визасыз режимди 7 өлкө колдонуунун мөөнөтүн 2025-жылдын 31-декабрына чейин узарткан.




[1] Мамлекеттик чек ара кызматынын маалыматы боюнча

[2] Жогорку Кеңеш тарабынан 2019-жылдын 28-февралында кабыл алынган, 2019-жылдын 5-апрелинде Президент кол койгон.

## Жарандарына карата **60 күнгө чейин** бир тараптуу **ВИЗАСЫЗ РЕЖИМ** мөөнөтү киргизилген өлкөлөрдүн тизмеги

### ЕВРОПА
Калкы **500 млн. ашык**

1. Австрия
2. Бельгия
3. Босния жана Герцеговина
4. Ватикан
5. Улуу Британия
6. Венгрия
7. Германия
8. Греция
9. Дания
10. Ирландия
11. Исландия
12. Испания
13. Италия
14. Латвия
15. Литва
16. Лихтенштейн
17. Люксембург
18. Мальта
19. Монако
20. Нидерланддар
21. Норвегия
22. Польша
23. Португалия
24. Словакия
25. Словения
26. Финляндия
27. Франция
28. Хорватия
29. Чехия
30. Швейцария
31. Швеция
32. Эстония

### АЗИЯ
Калкы **260 млн. ашык**

1. Бахрейн
2. Бруней-Даруссалам
3. Катар
4. Корея
15. Кувейт
6. БАЭ
7. Сауд Арабиясы
8. Сингапур
9. Япония

### АМЕРИКА
Калкы **364 млн. ашык**

1. Канада
2. АКШ

### АВСТРАЛИЯ ЖАНА ОКЕАНИЯ
Калкы **29 млн. ашык**

1. Австралия
2. Жаңы Зеландия

**Калкынын ар бир адамына ИДП менен өлкөлөр**

- 60 миң адамдан ашык $
- 40-60 миң $
- 20-40 миң $
- 20 миңге чейин $

## Тизмек төмөнкү өлкөлөр менен толукталган:

46. Черногория
Калкы **622 миң**ден ашык

47. Андорра
Калкы **76 миң**ден ашык

48. Аргентина
Калкы **44 млн.** ашык

49. Бразилия
Калкы **209 млн.** ашык

50. Сан-Марино
Калкы **33 миң**ден ашык

51. Чили
Калкы **18 млн.** ашык

52. Оман
Калкы **4 млн.** ашык

## КЫРГЫЗ ПАРЛАМЕНТИНЕ 80 ЖЫЛ

2018-жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши - парламенти 80 жылга толду, анын тарыхы 1938-жылдын 18-июлунан башталат. Ушул мезгилдин аралыгында улуттук парламент калыптануунун жана өнүгүүнүн татаал жолун басып өттү. Кыйынчылыктарды жеңип өтүп, жаңы идеялар, принциптер, уюштуруу жана иш тажрыйбасын топтоо менен ал кыйла өзгөрүүлөрдү баштан кечирип, советтик үлгүдөгү өкүлчүлүктүү органдан көз карандысыз кыргыз парламентинин жогорку өкүлчүлүктүү органы катары трансформацияланды.


Азыркы Кыргызстандагы парламенттик демократия жок жерден жаралган эмес. Ал кыргыздардын урууларынын жана тайпаларынын өкүлдөрүнөн турган, илгертеден иштеп келген курултайлардан, жыйындардан, аксакалдардын кеңештеринен башат алган. Мына ушуларда татаал жана бай тарыхый, коомдук жана мамлекеттик өнүгүүнүн, улуттук салттардын, укуктук маданияттын жана кыргыз элинин саясий эркинин өзгөчөлүгү чагылдырылып турган.

1938-жылдан 1990-жылга чейин, жарым кылым аралыкта, Кыргыз ССРинин 11-чакырылыштагы Жогорку Советтери өз ишин жүргүзүп турган. Ушул парламенттин ишине коммунисттик партиянын идеологиясы чоң таасир берип турганын белгилөө зарыл.

1990-жылдын 23-февралында Кыргыз Республикасынын 12-чакырылыштагы Жогорку Советинин депутаттарын шайлоолор болгон. Ушул парламенттин иши СССР ыдыраган мезгилге жана көз карандысыз кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн түптөлүшүнө туш келген. Кеңири демократиялык негизде шайланган жана тарыхта “легендарлуу парламент” деген ат менен калган ушул чакырылыш өлкөнүн эгемендүүлүгүнүн жана коомдо демократиялык кайра түзүүлөрдүн негизин түптөгөн. Легендарлуу парламент тарабынан Эгемендүүлүк жөнүндө декларация (1990-ж.), Көз карандысыздык жөнүндө декларация (1991-ж.) кабыл алынып, эгемендүү Кыргызстандын биринчи Президенти шайланып (1991-ж.), биринчи Конституция кабыл алынган

## СОВЕТ МЕЗГИЛИНДЕГИ ПАРЛАМЕНТ


**(Кыргыз ССР Жогорку Советi)**



(1993-ж.). Мамлекеттик атрибуттар – Желек (1992-жылдын 3-марты), Гимн (1992-жылдын 18-декабры), Герб (1994-жылдын 14-январы) бекитилген, улуттук валюта (1993-жылдын 3-майы) киргизилген.


1995-жылдан 2010-жылга чейин Жогорку Кеңеш өз ишин эки палаталуу жана бир палаталуу парламент катары жүргүзүп келди, алар мажоритардык жана пропорционалдык негизде шайланды. Эки палаталуу парламент Мыйзам чыгаруу жыйынынан жана Эл өкүлдөр жыйынынан турду. Бул мезгилдеги парламент тарабынан коомдун өнүгүшүнүн жаңы чындыгына жана талаптарына ылайык келген, коомдук мамилелердин маанилүү чөйрөлөрүн жөнгө салган түпкүлүктүү кодекстер жана мыйзамдар кабыл алынды. 2010-жылдын 27-июнунда жаңы Конституциянын кабыл алынышы менен улуттук парламенттин өнүгүүсүнүн сапаттык жаңы этабы башталды. Борбордук Азияда биринчилерден болуп Кыргызстан парламенттик демократияны өнүктүрүү жолуна түштү. Пропорционалдык система боюнча шайланган парламент конституциялык түзүлүштүн формасын аныктоого, аткаруу бийлигин, Жогорку сот корпусун, башка конституциялык органдарды түзүү, ошондой эле башка маанилүү ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу мүмкүнчүлүгүн алды.

Азыркы учурда Жогорку Кеңеш мамлекеттик түзүлүштү өркүндөтүүгө, коомдогу социалдык-экономикалык реформаны тереңдетүүгө, парламенттик демократиянын жана прогресстин жолу боюнча өлкөнү өнүктүрүүгө багытталган иштерди активдүү түрдө жана ыраатуу ишке ашырууну улантып жатат.



СЕССИЯ МЕЗГИЛИНДЕГИ
ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ИШИ ЖӨНҮНДӨ **ОТЧЕТ**
(2018-ЖЫЛДЫН 1-СЕНТЯБРЫ 2019-ЖЫЛДЫН 1-ИЮНУ)

## ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ПАРЛАМЕНТТЕР АРАЛЫК КЫЗМАТТАШТЫГЫНЫН КАРТАСЫ




Россия
Казакстан
Кытай
Өзбекстан
Таджикстан
Туркия
Азербайжан
Эстония
Австрия
Армения
Бельгия
Германия
Грузия

Дания
Испания
Канада
Катар
Кения
Кот д'Ивуар
Молдова
Сауд Арабия
АКШ
Франция
Шри -Ланка
Япония

## ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТТАРЫНЫН ЧЕТ ЭЛДИК ЖУМУШЧУ ИШ САПАРЛАРЫ

Фракциялар боюнча






## ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ТӨРАГАСЫНЫН ЧЕТ ӨЛКӨЛҮК МЕЙМАНДАР МЕНЕН ЖОЛУГУШУУСУ

- **1** ЧЕТ МАМЛЕКЕТТЕРДИН БАШЧЫЛАРЫ
- **7** ПАРЛАМЕНТТЕРДИН СПИКЕРЛЕРИ ЖАНА ВИЦЕ-СПИКЕРЛЕРИ
- **3** ЧЕТ ӨЛКӨЛҮК ПАРЛАМЕНТТЕРДИН ДЕПУТАТТАРЫ
- **1** ПАРЛАМЕНТТЕР АРАЛЫК УЮМДАРДЫН БАШЧЫЛАРЫ ЖАНА ӨКҮЛДӨРҮ
- **7** ЧЕТ МАМЛЕКЕТТЕРДИН ЭЛЧИЛЕРИ
- **3** ЭЛ АРАЛЫК УЮМДАРДЫН ӨКҮЛДӨРҮ
- **1** БАШКА ДЕЛЕГАЦИЯЛАР

## ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ПАРЛАМЕНТТЕР АРАЛЫК УЮМДАР МЕНЕН КЫЗМАТТАШТЫГЫ

| | |
|---|---|
| **1.** КМШ **Парламенттер аралык ассамблеясы** | 33 |
| **2. Парламенттик Ассамблея** Жамааттык коопсуздук жөнүндө келишим уюму (ОДКБ) | 12 |
| **3. Түрк тилдүү өлкөлөрдүн Парламенттик Ассамблеясы** (TURKPA) | 13 |
| **4.** ЕККУ **Парламенттик Ассамблеясы** | 4 |
| **5. Парламенттер аралык бирлик** (МПС) | 1 |
| **6. Европа Бирлигинин кеңеши** (ПАСЕ) | 3 |

# ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ТӨРАГАСЫНЫН ЧЕТ ЭЛДИК ИШ САПАРЛАРЫ ЖАНА ЖОЛУГУШУУЛАРЫ



## Россия

**Жогорку Кеңештин Төрагасынын Россия Федерациясына расмий иш-сапары**

**Жолугушуулар:**
- РФ Федералдык Жыйындын Федерация Кеңешинин Төрагасы В. Матвиенко менен;
- РФ Федералдык Жыйынынын Мамлекеттик Думасынын Төрагасы В. Володин менен

*Москва ш., 2018-жылдын 26-27-ноябры*

**ОДКБ ПА Жыйынына катышуу үчүн Жогорку Кеңештин Төрагасынын жумушчу иш-сапары**

*Москва ш., 2018-жылдын 29-30-октябры*

**КМШ МПА жыйынына катышуу үчүн Жогорку Кеңештин Төрагасынын жумушчу иш сапары**

**Жолугушуулар:**
- РФ Федералдык Жыйындын Федерация Кеңешинин Төрагасы В. Матвиенко менен;
- Казакстан Республикасынын парламентинин Сенатынын Төрагасы Д. Назарбаева менен

*Санкт-Петербург ш., 2019-ж. 17-18-апрели*



## Туркия

**ТүркПАнын пленардык жыйынына катышуу үчүн Жогорку Кеңештин Төрагасынын жумушчу иш сапары**

**Жолугушуулар:**
- Түркиянын Улуу Улуттук Жыйынынын спикери Б. Йылдырым менен;
- Венгриянын Улуттук Жыйынынын спикери Ласко Кёбер менен

*Измир ш., 2018-жылдын 20-21-ноябры*

**Евразия өлкөлөрүнүн парламенттеринин спикерлеринин 3-жыйынына катышуу үчүн Жогорку Кеңештин Төрагасынын жумушчу иш сапары**

**Жолугушуулар:**
- Түркиянын Улуу Улуттук Жыйынынын спикери Б. Йылдырым менен;
- РФ Федералдык Жыйынынын Мамлекеттик Думасынын Төрагасы В. Володин менен;
- Казакстан Республикасынын парламентинин Мажилисинин Төрагасы Н. Нигматулин менен

*Анталия ш., 2018-жылдын 18-21-январы*



## Эстония

**Эстон Республикасында Жогорку Кеңештин Төрагасынын расмий иш сапары**

**Жолугушуулар:**
- Эстон Республикасынын Рийгикогунун Төрагасы Е. Нестор менен;
- Эстон Республикасынын Премьер-министри Ю. Ратасон менен;
- Эстон Республикасынын ишкерлик жана маалыматтык технологиялар министри Р. Таммистон менен

*Таллин ш., 2018-жылдын 11-13-октябры*



## Азербайжан

**Азербайжан парламентинин 100 жылдыгын майрамдоого байланыштуу Жогорку Кеңештин Төрагасынын жумушчу иш сапары**

**Жолугушуулар:**
- Азербайжан Республикасынын Президенти И. Алиев менен;
- Азербайжан Республикасынын Милли Межлисинин Төрагасы О. Асадов менен

*Баку ш., 2018-жылдын 20-21-сентябры*



## Франция

**Париж тынчтык форумуна жана тынчтык жана биринчи дүйнөлүк согуштун бүткөндүгүнүн 100 жылдыгына арналган иш-чараларга катышуу үчүн Жогорку Кеңештин Төрагасынын жумушчу иш-сапары**

*Париж ш., 2018-жылдын 11-13-ноябры .*

## ЖАРАНДЫК КООМ ЖАНА ЖМК МЕНЕН БОЛГОН ӨЗ АРА АРАКЕТТЕНҮҮ




**15** Телекөрсөтүү

**3** Радио

**392** АККРЕДИТАЦИЯЛАНГАН журналисттер

**29** Басма сөз басылмалары

**25** Маалымат агенттиги

**ЭФИРГЕ БЕРҮҮЛӨРДҮ ЧЫГАРУУ**

| | |
|---|---|
| 69 | «Күн тартибинде» |
| 37 | «Парламент» |
| 36 | «Парламентаризм сабактары» |
| 66 | Реалдуу убакыт режиминде ЖК жыйындары |

TV: КТРК, ЭлТР, Пирамида

| | |
|---|---|
| Радио эфирдеги фракциялар | 705 |
| Радио эфирдеги комитеттер | 163 |
| «Күндүн тартибинде» | 83 |
| «Парламент» | 1089 |
| «Парламентаризм сабактары» | 36 |
| Реалдуу убакыт режиминдеги ЖК жыйындары | 66 |

90,2 - 107,7 FM

ЖКнын басма сөз релизи — 4 500дөн ашык

Депутаттардын басма сөз конференциялары — 9

## ЖАРАНДЫК КООМ ЖАНА ЖМК МЕНЕН БОЛГОН ӨЗ АРА АРАКЕТТЕНҮҮ

Парламенттик радиону угузуу жыштыгы





Парламенттин радио эфириндеги фракциялар

| | СДПК | Республика – Ата Журт | Кыргызстан | Өнүгүү-Прогресс | Бир Бол | Ата Мекен |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Фракциялардын жыйындары | 7 | 9 | 4 | 7 | 0 | 3 |
| Түз эфир | 28 | 27 | 10 | 5 | 4 | 9 |
| Жаңылыктар | 191 | 156 | 76 | 88 | 66 | 49 |
| БААРЫ | 226 | 192 | 90 | 100 | 70 | 61 |

## ЖАРАНДЫК КООМ ЖАНА ЖМК МЕНЕН БОЛГОН ӨЗ АРА АРАКЕТТЕНҮҮ

Жогорку Кеңештеги **ЭКСКУРСИЯЛАР**




**3459** студенттер


**2362** мектеп окуучулары

**588** ЖӨАБ депутаттары

**52** чет элдик делегаттар

**13** башка экскурсанттар

### ЖКнын WEB-сайты www.kenesh.kg




| | |
|---|---|
| web-сайтты көрүүлөрдүн саны | 2 500 000 |
| web-сайтка киргендердин саны | 208 500 |

## ЖАРАНДЫК КООМ ЖАНА ЖМК МЕНЕН БОЛГОН ӨЗ АРА АРАКЕТТЕНҮҮ

Жогорку Кеңеш социалдык тармактарда

| | Facebook | YouTube | Instagram |
|---|---|---|---|
| 2019 | 18 176 | 6 300 | 5 200 |
| 2018 | 11 000 | 1 040 | 1 300 |

## ПАРЛАМЕНТТИН ИШ КАЛЕНДАРЫ

### Жогорку Кеңештин жыйындары

сентябрь, октябрь, ноябрь, декабрь, январь, февраль, март, апрель, май, июнь, июль, август

| Сессия | Башталышы | Аякталышы |
|---|---|---|
| I сессия | 28 октябрь 2015-ж. | 30 июнь 2016-ж. |
| II сессия | 1 сентябрь 2016-ж. | 29 июнь 2017-ж. |
| III сессия (кезексиз) | | 25 август 2017-ж. |
| IV сессия | 4 сентябрь 2017-ж. | 28 июнь 2018-ж. |
| V сессия | 5 сентябрь 2018-ж. | 27 июнь 2019-ж. |

### Парламенттик жумалык

Жогорку Кеңештин жыйналышы

ДШ ШШ ШР БШ ЖМ ИШ ЖШ

Комитеттердин жана убактылуу комиссиялардын жыйындары

Фракциялардын жыйындары

## БЕЛГИЛЭЭЛЭР ҮЧҮН

## ДҮЙНӨ ПАРЛАМЕНТТЕРИ

### ӨЛКӨЛӨРДҮН ПАРЛАМЕНТТЕРИНИН САЛЫШТЫРМА МҮНӨЗДӨМӨЛӨРҮ

| Парламенттин аталышы | Улуттук жыйын | Парламент | Фолькетинг | Улуттук Ассамблея | Жогорку Кеңеш | Сейм |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Түзүлгөн жылы | 1995 | 1997 | 1889 | 1971 | 1995 | 1923 |
| Депутаттардын саны | 132 | 150 | 179 | 57 | 120 | 100 |
| Өлкөлөр | Армения | Грузия | Дания | Коста-Рика | Кыргызстан | Латвия |
| Шайлоочулардын саны (млн. адам) | 2,58 | 3,51 | 4,15 | 3,02 | 2,85 | 1,55 |
| Бир депутатка шайлоочулардын саны (миң адам) | 25,6 | 23,4 | 23,2 | 53 | 23,8 | 15,5 |
| Депутаттын иш мөөнөтү | 5 жыл | 4 жыл | 4 жыл | 4 жыл | 5 жыл | 4 жыл |



# ДҮЙНӨ ПАРЛАМЕНТТЕРИ

## 2,2 – 4 МЛН. АДАМДАН ШАЙЛООЧУЛАРДЫН САНЫ МЕНЕН

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Улуттук Ассамблея | Сейм | Парламент | Парламент | Стортинг | Улуттук Ассамблея | Парламент |
| 1932 | 1923 | 1990 | 1959 | 1890 | 1963 | 1963 |
| 128 | 141 | 101 | 120 | 169 | 71 | 124 |
| Ливан | Литва | Молдова | Жаңы Зеландия | Норвегия | Панама | Сиерра-Леоне |
| 3,26 | 2,40 | 3,02 | 3,14 | 3,64 | 2,41 | 2,69 |
| 25,5 | 17 | 29,9 | 26,4 | 21,5 | 34,6 | 21,7 |
| 4 жыл | 4 жыл | 4 жыл | 3 жыл | 4 жыл | 5 жыл | 5 жыл |

***Ибраев С.К.*** – Жогорку Кеңештин Аппаратынын ишине жалпы жетекчиликти ишке ашырат

***Касмамбетов С.С.*** – Жогорку Кеңештин мыйзам чыгаруу функциясын камсыз кылуу боюнча Аппараттын ишине жетекчиликти ишке ашырат

***Шаболотов Т.Т.*** – Жогорку Кеңешти уюштуруучулук, маалыматтык-аналитикалык, техникалык жана документтик жактан камсыз кылуу боюнча Аппараттын ишине жетекчиликти ишке ашырат

**Жогорку Кеңештин 2018-жылдын 1-сентябрынан 2019-жылдын 1-июнуна чейинки сессия мезгилиндеги иши жөнүндө Төраганын отчетун даярдоо боюнча жумушчу тобу**

| | |
|---|---|
| ***Касмамбетов С.С.*** | – Жогорку Кеңештин Аппарат жетекчесинин орун басары, жумушчу топтун жетекчиси |
| ***Такенов Б.Т.*** | – Илимий изилдөө борборунун жетекчиси, жумушчу топтун жетекчисинин орун басары |
| ***Сулайманова Ж.Д.*** | – Ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгуу жана чыгаруу бөлүмүнүн башчысы |
| ***Бактаева С.Д.*** | – Жалпы бөлүмдүн башчысы |
| ***Пирназаров М.Т.*** | – Жогорку Кеңешинин Төрагасынын кеңешчиси |
| ***Назаралиева А.К.*** | – Кабыл алынган чечимдерди контролдоо бөлүмүнүн башчысы |
| ***Кушубеков К.К.*** | – Котормо жана редакциялоо бөлүмүнүн сектор башчысы |
| ***Базарбаева А.Р.*** | – Илимий изилдөө борборунун сектор башчысы |
| ***Авазбеков. К. А.*** | – Илимий изилдөө борборунун сектор башчысы |
| ***Исаков Э.К.*** | – Маалыматтар технологиясы бөлүмүнүн эксперти |

Басылма Бириккен улуттар уюмунун Өнүктүрүү программасынын жана Швейцариянын өнүктүрүү жана кызматташуу агенттигинин «Жарандардын активдүү катышуусундагы күчтүү парламенттик демократия» долбоорунун алкагында чыгарылды

Schweizerische Eidgenossenschaft
Confédération suisse
Confederazione Svizzera
Confederaziun svizra

**Swiss Agency for Development and Cooperation SDC**

UNDP

Полноправные люди.
Устойчивые страны.